**А.Коёнкөзов атыдагы №18 Токтоян жалпы орто билим берүү мектеби**

# *Тема;*

# *«Мамлекеттик тил күнүнө 33 жыл»*

**9а-класс**

*Мугалим; Молдокматова С.Д*

Тема: Мамлекеттик тил күнүнө 33 жыл.

Сабактын максаты: А) Билим берүүчүлүк: Окуучулар кыргыз тилинин байыртадан бери келе жаткан уюткулуу тил экенин түшүнүшөт. Эне тил улуттун мамлекет болуп сакталышына өбөлгө түзөт деп билишет.

Б) Өнүктүрүүчүлүк: Сүйлөө кебин арттырып, адабий тилдин нормасын сактоого, логикалык ойлорун өстүрүп, эне тилди даңктаган көркөм окууларды, макал-лакаптарды айтууга жетишет.

В) Тарбиялык: Окуучулар эли - жерин, тилибизди сүйүүгө, маданияттуулукка, тилдин тазалыгын, байлыгын сактоого тарбияланышат.

Сабактын өтүүтиби: Стандарттуу эмес сабак.

Сабактын усулу: сынчыл ойломдуу өстүрүү, интерактивдүү усул.

Сабак аралык байланыш: кыргыз тили, адеп, адабият, тарых, музыка, Математика.

Сабактын жабдылышы: Эне тили тууралуу макал-лакаптар, дубал газеталар, учкул сөздөр, плакаттар, сүрөттөр, ватман, скотч, маркер ж.б.

Сабактагы негизги иш-аракеттер: Мамлекеттик тил гимни, доклад, эне тилди даңазалаган ырлар, көркөм окуулар, макалдар, тесттер, табышмактар, суроо-жооптор, юморлор, топтордо иштөө.

Сабактын жүрүшү : 1-кадам: Уюштуруу. Мамлекеттик тил гимни. Доклад.

2-кадам: Эне тили жөнүндө ырлар.

3-кадам: Макал - алкактар.

4-кадам: Көркөм окуу.

5-кадам: Дүйнөлүк улуу адамдар тил жөнүндө.

6-кадам: Улуттук улуу жана белгилүү адамдар тил жөнүндө.

7-кадам: Кыргыз тили башка элдердин өкүлдөрүнүн баасында.

8-кадам: Макалдар (тест).

9-кадам: Накыл сөздөрдү ордуна кой.

10-кадам Макалдарды ула.

11-кадам: Юморлор.

12-кадам: Табышмактар.

13-кадам: Суроо - жооптор.

14-кадам: Жыйынтыктоо.

1-кадам: Тарбиялык саат кыргыз тилинин Гимнин ырдоо менен башталат. (Гимн ырдалат).

Мугалим: Урматтуу окуучулар! Кыргыз тилибиз - биздин эне - тилибиз. Биз үчүн улуу тил, ыйык тил. Улуу тилде Манас атабыз ураан чакырып, эли - жерин коргоп келген. Бабабыз Бакай Накыл сөзүн баян эткен. Каныкей энебиз бешик ырын ырдаган. Бизда энебизден ак сүтү менен бирге алдей ырын укканбыз. Энени ааламды баккан жерге теңегени бекеринен

эмес. Дүйнөдө эч жандын энеге теңдеши жогу чын. Эне тилди сүйүү ар бирибиздин парзыбыз. Кыргыз Республикасынын эне тили - кыргыз тили. Кыргыз тили - көрөңгөлүү тил. Ал тарыхтын байыркы түпкүрүнөн агып чыгып, нечендеген боготторго карабай, келечекти көздөй татыктуу жол таап, бүгүнкү күндө Мамлекеттик тилге айланды. 1989-жылы 23-сентябрда кыргыз тили Жогорку Кеңеш тарабынан мамлекеттик статусуна ээ болду. Азыр кыргыз тили Эгемендүү Кыргызстандын улуттук тили. Анын сөз казынасы дүйнөдөгү башка тилдерден эч кылышпайт. Мамлекеттик статус алганыбызга быйыл 30 жыл болот. Мамлекеттик тил майрамы катары жылда 23-сентябрда өзгөчө иш чаралар аткарылат. Анын далили катары биз бүгүнкү "Эне тили болбосо, аты аталбайт улуттун" аттуу тарбиялык саатты өтүп жатабыз. Элди түбөлүктүү мамлекет катары тааныткан анын тили. Кыргыз тилинин тагдыры - кыргыз улуттун тагдыры. Тилди сактасак, улутту сактайбыз.

2-кадам: Эне тили жөнүндө ырлар

1-окуучу: Эне тилим улуу тил,

Манас бабам сүйлөгөн.

Жашап келет биз менен,

Кылымдардан кылымга.

2-окуучу: Эне тилим ырыскым,

Толуп турган чагымда.

Жашап келет биз менен,

Кылымдардан кылымга.

3-окуучу: Эне тилим таалайым,

Кайда гана барбайын.

Эне тилим барында,

Дайым жарык маанайым.

4-окуучу: Тилим барда улукмун,

Тилим менен улутмун.

Эне тили болбосо,

Аты аталбайт улуттун.

5-окуучу: Каалаcам алар алп тилим,

Кандагы жүргөн бал тилим.

Кылымдар очпой келаткан,

Кыргыз тили жан тилим.

6-окуучу: Бул тилде атам сүйлөгөн,

Бул тилде апам сүйлөгөн.

Буруусуз сайрап жаткансыйт,

Булбул дагы кыргыз тилинде.

7-кадам: Кыргыз тилим кылымдарды баскан тил,

Кыргыз тили көркөм дүйнө баскан тил.

Бул тил менен Манас бабам жар салып,

Мезгилдеги зор кайратты каткан тил.

8-кадам: Кыргыз тили нускалуу тил, кутман тил,

Кыргыз тили кылымдарды уккан тил.

Кыргыз тили акындардын ырынан,

Чечендердин таңдайынан чыккан тил.

9-кадам: Кыргыз тили бабалардан калган тил,

Кыргыз тили тээ түпкүрдөн жазган тил.

Кыргыз тили байыркынын дастаны,

Бир мезгилде муңга баткан арман тил.

10-окуучу: Бул тил менен даанышмандар сыйлашкан,

Бул тил менен ачылбаган сырды ачкан.

Бул тил менен ак таңдайлар ачылат,

Далай акын дастан жазган ыр жазган.

3-кадам: Макал-лакаптар.

1-окуучу: "Ой океан-тил булак"

2-окуучу: "Буттан жанылган турат, тилден жанылган турбайт"

3-окуучу: "Тил билсен - дил билесиң"

4-окуучу: "Тил - акындын күзгүсү"

5-окуучу: "Тил - акындын таразасы"

6-окуучу: "Тил акыйкаттын ачкычы"

7-окуучу: "Тил - ойдун булагы"

8-окуучу: "Тилсиз улут болбойт"

9-окуучу: "Узун тил уудан жаман"

10-окуучу: "Өнөр алды кызыл тил"

11-окуучу: "Тилдин сөөгү жок"

12-окуучу: "Илим менен билимге көпүрө - тил"

13-окуучу: "Эне тил - улут сыймыгы"

4-кадам: Көркөм окуу: "Туу туталы олгончо"

1-окуучу: Тилим дилим, атам - энем, улутум,

Тируу туруп, болбойт, аны унутуум.

Дудук жашайт, дили менен таптаза,

Дилсиз адам, адам эмес курусун.

5-кадам: Дүйнөлүк улуу адамдар тил жөнүндө.

6-кадам: Улуттук улуу жана белгилүү адамдар тил жөнүндө.

7-кадам: Кыргыз тили башка элдердин өкүлдөрүнүн баасында.

8-кадам: Макалдар (тест).

1. Тил билсен. билесиң.

а) адам. б) өлкө. в) эл, г) дил

2. Адеп башы.

а) тарбия, б) ата-эне, в) сөз, г) тил

3. Тил ойдун.

а) бешиги, б) булагы, в) чырагы, г) кузгусу

4. Тил акылдын.

а) каражаты, б) булагы, в) тепкичи, г) ачкычы

5. Тил акыйкаттын.

а) символу, б) баштыгы, в) мээси, г) ачкычы

6. Тилде. жок

а) уят, б) мээ, в) бет, г)сөөк

7. Жигиттин өзүнө караба. кара

а)ишине, б) көкүрөгүнө, в) колуна, г) сөзүнө

9-кадам: Накыл сөздөрдү ордуна кой.

1. Айла менен. тутууга болбойт

а)аялды, б) албарстыны, в)тулкуну

2. Жалгыз дарак. болбойт

а)тактай, б)токой, в)отун

3. Эшек жүгүруп. болбойт

а)күлүк, б)тулпар, в) аргымак

4. Көпчүлүк тукурсо кол болот, кол. сел болот

а)жинденсе, б)чайпалса, в)толкуса

5. Ат ээсиз болбойт, казан. болбойт

а)капкаксыз, б) коосуз

6. Аз уктаган. бай болбойт

а) акчага, б)өмүргө, в) акылга

7. Алтын дат болбойт, жакшы. болбойт

а)узак, б)жат, в) рак

10-кадам: Макалды ула.

1. Ой океан - тил.

2. Тилден жанылган турбайт,.

3. Көп сөз көмүр,.

4. Сөздү билген таап айтат,.

5. Ааламдын көркүн сөз ачат,.

6. Аз саз сөз,.

7. Сөз айласын билбеген,.

11-кадам: Юморлор.

1. Шарабидин неге тишинди жети жолу жуудум? - Ошону да билбейсинби, бир жумага жетсинда.

2. Анара,айтчы, китепти таза абада калтырса эмне болот? - Уурдап кетет.

3. Ата, сиз коендон коркосузбу? - Жок.

Анда эмнеге мергенчиликке барганда мылтык көтөрүп аласыз?

4. Атасы: - Кулунум айтчы, чоңойгондо эмне кыласың?

Баласы: - Сакал коём.

Атасы: - Эмне үчүн?

Баласы: - Бетимди жууганы аз жер калсын да.

5. Азамат: - Кайрат, айтчы, чычкан канча өмүр сүрөт.

Кайрат: - Ал мышыкка байланыштуу?

12-кадам: Табышмактар.

Ким унчукпастан сүйлөйт?

"Бир кап буудайым бар, жеген менен түгөтө албайм "

"Кыдырата таш койдум, кызыл өгүзду бош койдум"

13-кадам: Суроо - жооп викторинасы.

- Бир кылым канча жыл?

- Шаршембиден кийин кайсы күн келет?

- Жолон Мамытов акынбы, сүрөтчүбү, актербу ?

- Синоним деп эмнени айтабыз?

- Сары-Челек колу кайсы облуста жайгашкан?

- Окуучулар үчүн чыгарылган газетанын аталышы?

- Проза менен поззиянын айырмасы кандай?

- Тулкунун баласын эмне деп аташат?

- Физкультура сөзүнүн кыргызча аталышы?

- Дүйнөдө эмне күлүк?

- 5-март күнү кандай майрам белгиленет?

- Раатбек Санатбаев ким?

- "Коом - сен жана мен.

Сен таза болсоң, мен таза болсом, коом да таза болот" - деген таасын ой кимге таандык?

- Эл аралык эне тили күнү качан майрамдалат?

14-кадам: Жыйынтыктоо.

Мугалим: Урматтуу тарбиялык саатка катышуучулар!

Мамлекеттик тил майрамына арналган "Эне тили болбосо, аты аталбайт улуттун" аттуу тарбиялык саатка күбө болдунуздар.

Силер, биздин келечегибизсинер. Ошондуктан бабаларыбыз сүйлөгөн сөздөрдү улап, аны көкүрөгүнө го сактап, эне тилибизди эң жөнөкөй угумдуу да, жагымдуу да, көркөмдуу да озгочолонгон тил экендигин дүйнө элдерине тааныта билүү, кийинки муундарга жеткире билүү ар бирибиздин эң ыйык парзыбыз.

Элдин олбостугу анын тилинде. Ар бир тил, өз эми үчүн улуу.

Жыргагандын баары эле турмуш эмес,

Жылт эткендин баары эле жылдыз эмес,


Билебиз деп тошторун каккан менен,

Билбегендер өз тилин кыргыз эмес.

Үй тапшырма: "Кыргыз тили керемет" деген темада дил баян жазып келүү.


Эне тилин билбеген,
Элин сүйүп жарытпайт.
(Б. Сарногоев)
Элдин баа жеткис байлыгы-анын тили.
(М. Шолохов)
Тил жоголсо, жоголот дил,
Айланасың мунжуга тоголок бир.
(Ш. Дүйшеев)


Тилдин улуусу да - эне тил,
Тилдин сулуусу да - эне тил.
Улуттун эң башкы байлыгы - анын тили
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ ГИМНИ
Тил - ан сезимдин бир күзгүсү, маданияттын үлгүсү.
Кыргыз тили-жан эргиткен ырга бай, кыргыз тили-макалга бай, ырга бай.
Эне тилим - сыймыгым
Бирге жүрсөм кыргыз тилин кадырлайм, Бул тил менен иштейм сүйлөйм, ыр ырдайм. Башка тилди кандай жакшы көрсөм да, Өз тилимди сүйгөнүмдөн жаңылбайм.
Тилдердин улуусу да - эне тил, Тилдердин сулуусу да - эне тил.
1989-жыл 23-сентябрь
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө мыйзамынан
"Кыргыздын улуу дөөлөтү- эне тилинде, тарыхында, дүйнө тааным, рух дүйнөсүндө камтылган"
Кыргыз тили кылымдарды карыткан, Эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан.



**Ар бир элдин тили-ошол нечен кылымдык акылман жаралган кымбат мурасы.**

**Тилден түбөлүктүү, тилден артык өнөр жок. Ар бир элдин тили-өзүнө улуу.**

***(Ч. Айтматов)***

А.Коёнкөзов атындагы №18 Токтоян
жалпы орто билим берүү мектеби

# Эл биримдиги – көп түрдүүлүктө .

Мугалим:
Молдокматова Салкын

AlfaDay.net

# Тема: Эл биримдиги - көп түрдүүлүктө .

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк** –«Маданий көп түрдүүлүк» деген эмне экендигин түшүндүрүп беришет. -«Кыргыз жараны» түшүнүктү аныкташат.

**Өнүктүрүүчүлүк:** –Маданий көп түрдүүлүктүн маанилүүлүгүн белгилешет.

**Тарбия берүүчүлүк:** –Бөлөк элдердин маданиятында эмне баалуу экендигин түшүндүрүп беришет.

–Мекениңерге болгон сезимдериңерди билдиресиңер.

Негизги түшүнүктөр: мамлекеттик символдор,бейне(образ),маданий ар түрдүүлүк.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символдору:

Мамлекеттик туу, Мамлекеттик герб, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимни.

**Бейне-** бул силер эстеген же элестеткен көрүнүш.

Маданий көп түрдүүлүк-бул коомдоштукта,көптөгөн өтө ар түрдүү маданияттардын болушу.

Жаз келээрде эң биринчи жаз конуп,
Кыш болоордо эң биринчи кыш тоңуп.
Ай ааламга ай тие элек кезинде
Эң биринчи ай жамынып ак болуп.

Түн болоордо эң кийинки түндү алып,
Түз жерлерден кийин кетип мунарык
Дүйнө жүзү көзүн ача злекте
Эх биринчи күндү тосуп кызарып

Акын тоолордун сулуулугун кайсы бейнелер менен чагылдырган?

Таблицаны толтургула.

Силердин сезимиңерди билдирген сөздөр. Табияттын сулуулугун сүрөттөгөн сөздөр.

Бул ырында акын кандай ойду айткысы келген?

Автор кандай салыштыруулурды келтирет?

Эмне үчүн бул ыр саптары Кыргызстандын эли үчүн маанилүү .

Балдар келгиле Кыргызстандын жараны ким экендигин билели.

Булардын ичинен кайсылары силердин жашооңорго тиешелүү?

– Ар кайсы маданияттардын буюмдары менен көрүнүштөрү биздин турмушубузга сиңиши эмне үчүн керек?

– Силердин оюңарча. Маданий көп түрдүүлүк деген эмне?

Мисал келтиргиле.

Маалымат менен иштөө.

2-көнүгүү.Тайпаларда иштөө.

Биздин өлкөнүн аймагынын 90% дан көбүн тоолор ээлейт,

Кыргызстанды асман мелжиген тоолордун өлкөсү деп бекеринен айтышпайт

.Алыкул Осмоновтун ырын окугула.

Кыргыз тоолору.

Тоого тоолор курамалап ,курашып,
Узун тартып,уламалап улашып,
Алда кайда кебез тартып келаткан,
Кербенчинин төөлөрүндөй чубашып.

Кара зоолор ар кай жерде каркайып,
Катмарлашып калың тартып заңкайып
Алмаз сындуу көккө тийген миздери,
Арстандын азуусундай арсайып.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укуктарга жана милдеттерге ээ болгон кыргыз Республикасынын жараны.

«Кыргыз жараны»өлкөнүн атынан - Кыргыз Республикасынан келип чыккан жана өз мекенин сүйгөн ,өз өлкөсүнүн жыргалчылыгы үчүн жашап жана эмгектенген бардык этностук коомчулуктарды бириктирген жалпы жарандык иденттүүлүк болуп саналат.

Кыргызстанга туруктуу өнүгүүнү тартуулаган да дал ушул Кыргыз жараны.

3-көнүгүү. «Кыргызстан мекен» деген сөздү укканда,кандай бейнелерди элестетесиңер?

Тактага жазгыла.

4-көнүгүү.Өзүңөр образ боюнча ыр (синквейн) жазгыла.

Синквейн түзүү эрежеси.

1. Зат атооч_______________

2. Сын атооч________________.________________

3. Этиш________________.____________________.__________

*Темага карата мамилени көрсөтүүчү сөздөрдөн турган сүйлөм.*

*1.Зат атооч –биринчи сөз менен байланышкан сөз теманын маңызын чагылдырат.*

*Рефлексия*

*5-көнүгүү.Сүйлөмдөрдү толуктагыла.*

1. *Маданий көп түрдүүлүк бул …..*
2. *Кыргыз жараны*
3. *Менин мекеним*

А.Коенкөзов атындагы №18 Токтоян жалпы орто билим берүү мектеби

# Тарбиялык саат

**Тема: “Ишеналы Арабаев 140 жыл”**

**5-класс**

**Мугалим:Сутенова Анара.**

24.01.23-ж.

**Сабактын темасы: Өмүрү- өрнөк адамдар.**

**Сабактын максаты:**

А)Окуучуларга туңгуч кыргыз агартуучусу,илимпоз Ишеналы Арабаев жөнүндө ,анын кыргыз элине кылган эбегейсиз эмгеги жөнүндө түшүнүк алышат.

Б) Окуучулардын И.Арабаевка болгон кызыгуулары артат.

В) Окуучуларды өз элин,жерин коргой билүүгө,сүйүүгө ошондой эле өз элинин патриоту болууга тарбияланышат.

Окуучулар топторго бөлүнүшөт .И.Арабаев боюнча окуучулардын колдору менен тартылган сүрөттөр,дубал газета илинет.Аларды жактап беришет.Басып өткөн өмүр жолун айтып беришет.

**Ишеналы Арабаев**, туурасы **Арабай уулу Эшенаалы** (1882-жылы, Орусия империясы, Түркстан генерал-губернаторлугу, Жетисуу облусу, Токмок уезди, Күн-Батыш айылы — 1933-жылы, СССР, Өзбек ССР, Ташкен шаары) — XX кылымдын башындагы залкар кыргыз илимпоз-агартуучусу, коомдук ишмер, Алаш Ордо партиясынын мүчөсү, советтик агартуу тутумун түптөөгө зор салым кошкон китеп автору.

## Өмүр баяны

1900-жылы Орус - жергиликтүү мектебин бүткөн.
1900-1910-жылдары Кыргыз айылдарында мугалим (молдо) болуп иштеген.

1910-1913-жылдары падышалык Орусиядагы Оренбург шаарында жайгашкан "Медресе Кусейиниядан" бир жыл окуп, анан Уфадагы жогорку диний мектеп - "Медресе Галиядан" окуп билим алган.
1911-жылы Молдо Кылыч Шамыркановдун "Кысса зилзаласына" - кыргыз тилиндеги эң биринчи китепке өзү алгы сөз жазып, Казан шаарынан чыгарган. Кыргыз, казак балдарына арнап "Алиппе жаки тото окуу" аталыштагы туңгуч окуу китебин К. Сарсекеев экоо жазып, Уфадагы "Шарк" басмасынан бастырган.

1912-жылы "Жазуу орнектери" (таза жазуунун үлгүлөрү) аталыштагы китепти Оренбургдан чыгарган. Бул 35 беттен туруп, мында жазуу эрежелери, каллиграфия, тамгаларды кооз жазуу үлгүлөрү берилген. Ошол эле жылы "Оренбургдан Ташкенге келе эскерүү" аттуу жол очерки "Айкан" журналынын 1-санына басылган.

Уфадан келгенден кийин Ысык-Көл, Нарын аймактарында бала окутуп, мектептерди ачкан. Ал Боогачынын "Секет байын" жана фольклордук материалдарды жыйнаган.

1918-22 жылдары Жети Өгүз ревкомунун мүчөсү, облустун "Кошчу" бирлигинин төрагасына орун басар, Орусия Кеңештеринин 9-съездине делегат болгон. Жети Өгүздө 1-мугалимдер курсун уюштурган, Алматыда жооптуу кызматта иштеген.

1922-24 жылдары Туркстан Эл комиссарлар Кеңешинде (Ташкен) иштеп, анын ил. комиссиясын жетектеген.

**Арабаев** жетектеген ил. комиссия кыргыз тилинин алфавитин түзгөн, башталгыч класстардын окуучулары үчүн алиппени, окуу жана усулдук куралдарды, мугалимдер үчүн усулдук сунуштарды даярдашкан, кыргыз терминологиясынын маселелерин изилдешкен ж.б.
1922-жылы Сагымбай Орозбак уулунан "Манас" эпосунун жазууну уюштурган.

1924-жылы Теке айында Оренбургда еткен казак-кыргыз илимпоздордун 1-съездине катышып, баяндама жасаган.

1924-жылы Кыргыз АОсу түзүлгөндө ал облустук ревкомдун мүчөсү, илим комиссиясынын төрагасы, "Эркин-Тоо" гезитинин редколлегия мүчөсү болгон.
1924-жылы араб графикасынын негизинде туңгуч кыргыз алфавитин түзүп, "Кыргыз алиппесин" жазган. Грамматика жана табият таануу боюнча 1-кыргызча окуу китебин түзгөн.

1925-жылы Тыныбектин айтуусунда "Семетейдин Айчүрөккө үйлонушу" деген эпизодду жазып алган жана аны китепче кылып Москва басмасынан чыгарган. Ошол эле кыргыздын туңгуч гезити "эркин-Тоону" уюштурууга катышкан жана 1-санына "Эркин-Тоо" деген макала жазган.
1925-жылы "Сабатсыз чоңдор учун алып-бээни" түзгөн. Окуу китептерин,

төтө окуу" (Алиппе жана шар окуу) китебин жазат. Бир жылдан соң Оренбургда "Жазуу өрнөктөрү" китебин чыгарат. 35 беттен турган китепте жазуу эрежелери жана тамгаларды кооз жазуу үлгүлөрү түшүндүрүлгөн. Россиядан билим алып келген соң 1913-1916-жылдар аралыгында Көл жан Нарын аймактарында мектеп ачып, элдин сабатсыздыгын жоюу үчүн жан үрөп иштей баштайт.

**Кытайда калган кыргыздарды кайтарган.** Ишеналы Арабаевдин элге билим берүү максатына 1916-жылдагы Үркүн тоскоол болот. Эл менен Кытайдын Үч-Турпан деген жерине качып барат. Ал жерден 1917-жылдагы революциядан кийин өз мекенине кайтып келген. Агартуучу өз жерине келгенден кийин Кытайда калып калган мекендештерин кайтаруу үчүн алгылыктуу иштерди жасай баштайт. Элинин тагдырына кайдыгер болбой Лениндин өзүнө кат жазып, жаңы орногон бийликтен кыргыздарды алып келүүгө акча бөлдүртөт. Ал гана эмес, жеке өзү да Кытайга эки жолу барып кыргыздар менен жолугуп келет. Натыйжада 1920-жылы 300 миңге жакын кыргыз жана казак өз жерине кайтат.

**Мугалимдерди даярдаган.** Агартуучу жаңы орногон советтик бийликти кубануу менен кабыл алган. Бүт өмүрүн элдин сабатсыздыгын жоюуга арнаган ишмерге жаңы бийликтин карапайым калкты агартуу саясаты өтө жаккан. Бир катар жооптуу кызматтарда иштеп, өлкөнүн коомдук жана саясий иштерине активдүү катышып, аны менен бирге кыргыз мектептерине мугалимдерди даярдай турган алгачкы курстарды уюштурат. 1924-жылы Түркстан АССРинде уюшулган Илимий комиссияны жетектеп турганда арифметика, табият таануу жана география сыяктуу илимдерди камтыган бир катар окуу китептерин жарыкка чыгарат. Элдик оозеки чыгармаларды жыйноо менен бирге улуу манасчы Сагымбай Орозбак уулунан "Манас" эпосунун вариантын жаздырып алуунун демилгечиси болгон.

**Алгачкы "Алиппенин" автору.** Арабаев 1924-жылы түзүлгөн Кыргыз автономиялуу облусунун коомдук иштерине да өз салымын кошкон. "Эркин-Тоо" гезитин негиздөөгө катышып, анын биринчи санына агартуучунун калемине таандык макала чыккан. Элди караңгылыктан чыгаруу максатында араб арибинин негизинде туңгуч кыргыз алфавитин, "Кыргыз алиппесин", грамматика жана табият таануу боюнча биринчи кыргызча окуу китебин, "Сабатсыз чоңдор үчүн алиппени" жана кыргыз мугалимдерине колдонмо иретинде "Саамалык" аттуу китепче жазып, анда он бир сабактын үлгүсүн берген. Арабаевдин агартуу жаатындагы ишмердиги жалпы кыргыз элинин сабаттуу болуусуна өбөлгө болуп, ал жазган "Алиппе" улам жаңыланып олтуруп азыркы кезге чейин жеткен.

колдонмолорду жазган жана көп китептерди которгон.
Арабаев бүт республиканы кыдырып, жаштарды окууга, билим алууга чакырган.

1926-жылы Бакуда өткөн 1-туркологиялык съездге катышты.

Арабаев 1933-жылы Бугу айынын 11 жалаа менен улутчул деп камакка алынып, ошол эле жылы Теке айынын 7 Ташкендин түрмөсүндө каза болгон. 1958-жылы толугу менен акталган.

## Ал тууралуу ой-пикирлер

И.Арабаев тууралуу Жусуп Абдырахманов, Абдыкерим Сыдыков, Кусейин Карасаев, Түгөлбай Сыдыкбеков жана башкалар өзгөчө жогорку баасын беришкен.

## Эскерүү

Кыргыз мамлекеттик университети (Бишкек шаары) учурда Ишеналы Арабаевдин ысымын алып жүрөт. Анын алдында И.Арабаевдин айкели тургузулган.

**Кыргыз элинен чыккан алгачкы агартуучу-илимпоз Ишеналы Арабаев 85 жыл мурун дал бүгүн дүйнөдөн кайткан. Залкар инсан XX кылымдын башында кыргыз тарыхынын жана маданиятынын калыптанышына эбегейсиз салым кошкон.**

Алгачкы "Алиппе" китебин жазып, улуттук алфавиттин уңгусун түзүп, кыргыз жазуу маданиятын калыптандыргандардын бири болгон Ишеналы Арабаевдин ишмердиги көп убакыт күн жүзүнө чыкпай, эми гана татыктуу ордун таап жатат. Кыска өмүрүн сабатсыз кыргыз калкы илимдүү-билимдүү болуп, өз маданиятын таанып билсин деген улуу максатка арнаган залкар инсан тууралуу кызыктуу фактыларды сунуштайбыз.

**Билимге арналган өмүр.** Ишеналы Арабаев 1882-жылы Кочкор районунун Күн-Батыш айылында жарык дүйнөгө келген. 1900-жылы жергиликтүү мектепти аяктаган соң он жылга жакын кыргыз айыл-кыштактарында мугалим болуп эмгектенген. Агартуу жолундагы башкы максаттарын ишке ашыруу үчүн алгач өзүнүн билимдүү болуусу керек экенин түшүнүп, 1910-жылы Россиянын Оренбург шаарындагы "Кусания" медресесинде окуй баштайт. Бул жерде бир жыл билим алган соң Уфа шаарындагы "Галия" медресесинде эки жыл билим алат.

**Мектеп ачып, элди окуткан.** Арабаев студент кезинде эле коомдук иштерге катышып, бир катар илимий-агартуучу макалаларды жазат. 1911-жылы Казань шаарында акын Молдо Кылычтын "Кысса зилзаласын" кыргызча китеп кылып басмадан чыгарган. Ушул эле жылы казак студенти К.Сарсекеев менен бирге эки элдин балдары үчүн "Алиппе жаки

**"Ата-Бейит": жарым кылым ың-жыңсыз жаткан кайрандар. Чүкөдөй кемпир ачкан чындык**

**Репрессиянын курмандыгы.** 1930-жылы башталган репрессия кыргыздын көптөгөн тың чыкма азаматтарынын башын жуткан. Ошол каардуу заманда "Социал-Туран партиясын" уюштурган деген жалган жалаа менен камакка алынгандардын катарында Ишеналы Арабаев да бар эле. Ал 1933-жылы 11-майда камакка алынып, Фрунзеден Ташкенттеги түрмөгө которулган. Ошол эле жылы 7-июнда эртең менен Арабаев жаткан камерага ташкенттик тергөөчү С.Левшин кирип чыккан. Ал эми кечинде камерадан Ишеналы Арабаевдин сөөгү табылган. Илимпоз 1958-жылы толугу менен акталган.

**Унутулбаган өмүр.** Ишеналы Арабаевдин аты Бишкек шаарындагы Кыргыз мамлекеттик университетине берилген. Окуу жайдын ичинде музей уюштурулуп, анда улуу инсандын эмгектери жана китептери коюлган. Ысык-Көл облусунун Тоң районуна караштуу Туура-Суу айылындагы мектеп жана маданият үйү улуу инсандын атын алып жүрсө, Уфа шаарында анын урматына эскерүү тактасы коюлган. Ал жыйырмага жакын китеп жазган.


ИШЕНААЛЫ
АРАБАЕВ
STATE UNIVERSITY



ИШЕНАЛЫ
АРАБАЕВ -
АГАРТУУЧУ - ОКУМУШТУУ